КЫРГЫЗ БАНКЫ

Кыргыз Республикасы, Бишкек ш., Чүй проспекти, 168
E-mail: mail@nbkr.kg
www.nbkr.kg

# Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын 2021-жылга карата акча-кредит саясаты жөнүндө БИЛДИРҮҮСҮ

Кыргыз Республикасынын Улуттук банк Башкармасынын 2020-жылдын 16-декабрындагы № 2020-П-07/72-2- (ДКП) токтому менен бекитилген.

**Бишкек**
**2020-ж. декабрь**

Бул документте Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын (мындан ары – Улуттук банк) 2021-жылга карата акча-кредит саясатынын багыттары жана тактикалык милдеттери аныкталат.

Документ орто мөөнөттүү мезгилге каралган акча-кредит саясатынын негизги багыттарын (Улуттук банк Башкармасынын 2017-жылдын 13-декабрындагы токтому менен бекитилген) ишке ашыруу максатында иштелип чыккан.

***Акча-кредит саясатынын сандык көрсөткүчү***

2020-жылдын март айынын башталышынан тартып, COVID-19 пандемиясынын жайылышы жана товардык-чийки зат рыногундагы дүйнөлүк баалардын волатилдүүлүгү тышкы жана ички чөйрөдөгү жагдайды өзгөрттү. Муну менен бирге эле дүйнөлүк жана регионалдык экономиканын андан ары өнүгүшү боюнча белгисиз жагдай сакталып калууда. Мындай шарттарда узак мөөнөттүү ички инвестицияларды өнүктүрүү жана туруктуу экономикалык өсүштү камсыз кылуу максатында, экономикалык субъекттер үчүн максаттуу көрсөткүчтөрдү, анын ичинде инфляциянын максаттуу көрсөткүчүн түзүү зарылчылыгы күчөдү.

Дүйнөлүк товардык-чийки зат рынокторундагы ар башка жагдайлардан жана COVID-19 пандемиясынын жайылышына каршы белгиленген чектөөлөрдөн улам, монетардык эмес факторлордун Кыргыз Республикасынын инфляциясына тийгизген таасири  2020-жылдын экинчи жарым жылдыгында инфляциянын өсүшүн шарттады.

Жалпысынан, инфляциянын түзүмүндө азык-түлүк товарларынын тобу кыйла өзгөрүүгө дуушар болот, буга дүйнөлүк азык-түлүк (буудай жана өсүмдүк майы) бааларынын жогорулоо динамикасы өбөлгө түзөт. Ошол эле учурда алдыда боло турган инфляцияга монетардык факторлордун таасири жөнүндө божомолдор, негизинен, мамлекеттик финансы секторунда жүргүзүлгөн операциялардан улам, мурдагыдай эле актуалдуу бойдон калууда. 2021-жылдын биринчи чейрегинде алкоголдук жана тамеки продукциясына акциздердин план боюнча жогорулашы бүтүндөй жыл ичинде баалардын жалпы деңгээлинин жогорулоо динамикасын бекемдөөчү фактор болуп калышы күтүлүүдө.

Улуттук банк 2021-жылы баа туруктуулугун колдоого багытталган акча-кредит саясатын жүргүзүүнү улантат. 2021-жылы акча-кредит саясатынын негизги максаты болуп, инфляциянын орточо деңгээлин орто мөөнөттүү мезгилдеги бир орундуу сан менен белгиленген көрсөткүчтөр чегинде кармап туруу саналат. Улуттук банк алдыга коюлган максатка жетүү үчүн, колдо болгон бардык монетардык саясаттын инструменттерин пайдаланат.

Баа туруктуулугуна жетишүү жана аны туруктуу деңгээлде кармап туруу экономикалык субъекттердин рационалдуу инфляциялык күтүүлөрүнүн калыптанышына жана экономикалык жигердүүлүктүн акырындап жанданышына шарт түзөт. Баа туруктуулугу ишканалар жана үй чарбалары узак мөөнөткө пландаштыруусуна өбөлгө түзөт, бул өз кезегинде, узак мөөнөттүү экономикалык өсүшкө жана калктын жашоо шартын жакшыртууга негиз болот.

Максаттуу көрсөткүчтөргө жетүү үчүн, өнүгүү боюнча белгиленген багыттар эске алынып, акча-кредит саясатынын инструменттерин өркүндөтүүгө, чечимдерди кабыл алуу процессин жана акча-кредит саясатынын коммуникациялык түзүмүн жакшыртууга багытталган акча-кредит саясаты жүргүзүлөт.

Банк жана төлөм системаларынын натыйжалуу жана коопсуз иштеши, финансылык сектордун туруктуу өнүгүшү Улуттук банктын иш максаттарына жетүүсүнө өбөлгө түзүүчү маанилүү факторлордон болуп саналат.

Улуттук банк инфляцияга таасирин тийгизүүчү тышкы жана ички секторлорго туруктуу негизде баа берүүнү улантат, ошондой эле аналитикалык-болжолдоо инструменттерин колдонуу менен макроэкономикалык болжолдоолорду түзүүдө салмактанган жана консервативдүү ыкмаларга таянат.

***Акча-кредит саясатынын чаралары***

Улуттук банк акча-кредит саясатынын чараларынын экономикага, эң оболу, акча-кредит саясатынын трансмиссиялык механизминин пайыздык каналынын иш натыйжалуулугун жогорулатууга таасир этүүчү каналдарды жакшыртуу иштерин улантат.

Улуттук банктын эсептик чени (негизги чен) негизги инструмент, ал эми акча рыногунун кыска мөөнөттүү пайыздык чендери – акча-кредит саясатынын операциялык көрсөткүчү болуп саналат.

Улуттук банк тышкы экономикалык жагдайды жана Кыргыз Республикасынын экономикасын өнүктүрүү шарттарын талдап-иликтөөнүн негизинде, эсептик чен боюнча чечимдерди кабыл алат. Ошол эле учурда Улуттук банк тарабынан инфляциянын түптөлүү деңгээлинин кыска мөөнөттүү жана узак мөөнөттүү факторлорун талдап-иликтөөгө өзгөчө көңүл бурулат. Түптөлгөн инфляция болжолдонгон көрсөткүчтөн кыйла жана узак убакытка четтеген учурда, Улуттук банк монетардык саясат боюнча тиешелүү чечимдерди кабыл алат.

Улуттук банк негизги ченди белгилөөдө, акча-кредит саясаты боюнча кабыл алынган чечимдер өлкөнүн негизги макроэкономикалык көрсөткүчтөрүнө белгилүү бир лаг менен таасирин тийгизерин да эске алат.

Акча-кредит саясатынын тактикалык кадамдары 2021-жылы банк тутумунда ликвиддүүлүк боюнча жагдайды, ички акча жана валюта рынокторун өнүктүрүү келечегин эске алуу менен, ошондой эле негизги макроэкономикалык көрсөткүчтөрдүн динамикасына жараша түзүлөт.

Банк тутумундагы үстөк ликвиддүүлүк сакталып турган шартта, Улуттук банк арылтуу операцияларын жүргүзүүнү улантат. Ачык рынокто аукциондук негизде жүргүзүлгөн операциялар системадагы ликвиддүүлүктү жөнгө салуу боюнча негизги инструменти катары эсептелет.

Зарылчылыгына жараша, Улуттук банк тарабынан коммерциялык банктардын ликвиддүүлүгүн колдоо, анын ичинде банктардын банк тутумунун керектөөсүн эске алуу менен экономиканы андан ары кредиттөө үчүн, аларга улуттук валютада кредиттик ресурстарды сунуштоо мүмкүнчүлүгү каралат.

Улуттук банктын акча-кредит саясаты мамлекеттин жалпы макроэкономикалык саясатынын бир бөлүгү болуу менен, салык-бюджет саясатынын координацияланган жана макулдашылган чаралары менен бирге туруктуу экономикалык өсүшкө жана финансы системасынын туруктуулугуна өбөлгө түзөт. Буга байланыштуу, Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин жана Улуттук банктын Ведомстволор аралык координациялык кеңешинин алкагында, акча-кредит саясатынын жана бюджет-салык саясатынын чараларын макулдашууга жана координациялоого өзгөчө көңүл бурулат.

Улуттук банк финансы рыногунун катышуучуларына жана коомчулукка орун алышы ыктымал болгон ички жана тышкы тобокелдиктерди жөнгө салууда кабыл алынуучу чечимдери жана акча-кредит саясатынын багыттары тууралуу мурдагыдай эле маалымдап турууну улантат.

***Валюта саясаты***

Акча-кредит саясатынын экономикага натыйжалуу таасиринин маанилүү шарты катары өзгөрүлмөлүү алмашуу курсу саналат. Буга байланыштуу, Улуттук банк Кыргыз Республикасы кабыл алган, суроо-талапка жана сунуштарга негизделген рыноктук механизмдер аркылуу калыптанган өзгөрүлмөлүү алмашуу курсунун режимине таянуу менен иш алып барууну улантат.

Мындай режимде Улуттук банк ички валюта рыногун катаал жөнгө салуучу болуп саналбайт жана валюта курстарынын өзгөрүү тенденцияларын аныктабайт, болгону алмашуу курсунун кескин өзгөрүшүн жеңилдетүүнү гана көздөйт.

***Финансы секторунун туруктуулугун камсыз кылуу***

2021-жылы Улуттук банк 2022-2025-жылдарда банк жана микрофинансылык секторлорду өнүктүрүүнүн негизги багыттарын иштеп чыгууну, ошондой эле банк жана микрофинансылык секторлору менен биргеликте аталган секторлордун жана төлөм системаларынын негизги багыттарын ишке ашырууну улантууну пландаштырууда.

Ошондой эле жөнгө салынуучу финансылык уюмдар тарабынан сунушталган сактык жана кредиттик продукттарды пайдалануу мүмкүнчүлүгүн кеңейтүү жана калктын финансылык сабаттуулугун жогорулатуу максатында, Улуттук банк Эл аралык финансы корпорациясы жана мамлекеттик органдар менен биргеликте финансылык жеткиликтүүлүк боюнча стратегияны иштеп чыгууну улантуусу күтүлүүдө.

Өлкөдө COVID-19 пандемиясынан улам түптөлгөн эпидемиологиялык жагдайга байланыштуу реструктуризацияланган кредиттердин сапатын талдап-иликтөөгө 2021-жылы өзгөчө көңүл бурулат. Тобокелдикти аныктоого багытталган көзөмөл алкагында, өлкөдө эпидемиологиялык жагдай курчуган учурда аралыктан көзөмөлдөөгө басым жасалат. Ошондой эле банк ишине байланыштуу, тобокелдиктерди тегиздөө жана банк тутумунун финансылык туруктуулугун камсыз кылуу максатында, банктарда тобокелдиктерди тескөө системаларын күчөтүү иштери улантылат.

ЕАЭБге кирген өлкөлөрдүн мыйзамдарын ылайык келтирүү алкагында, эл аралык стандарттардын сунуш-көрсөтмөлөрүн жана талаптарын, ошондой эле банктык жана төлөм системаларынын маалымат коопсуздугун жогорулатууну эске алуу менен финансы-кредит уюмдарына карата жөнгө салуучу талаптар андан ары өркүндөтүлөт.

Ишкердик субъектилерине колдоо көрсөтүү жана алардын андан ары өнүгүүшүнө финансылык ресурстарды пайдалануу мүмкүнчүлүгүн жогорулатуу аркылуу өбөлгө түзүү максатында, COVID-19 пандемиясынын терс натыйжаларын жөнгө салуу шартында Улуттук банктын туунду жана ассоциацияланган уюмдары менен иш алып барууну улантуу пландаштырылган.

Улуттук банк өлкөдө нак эмес төлөмдөрдү колдонуу чөйрөсүн, банктык кызмат көрсөтүүлөрдү санариптештирүүнү кеңейтүүгө жана санариптик төлөм технологияларын жана инструменттерин өнүктүрүүгө, инновациялык банктык жана төлөм операцияларын жана продукттарын жайылтууга, анын ичинде атайын жөнгө салуу режимдерин түзүү аркылуу мындан ары да көмөк көрсөтүүнү көздөйт. Ошондой эле санариптик валюталарды/активдерди жөнгө салуу ыкмаларын иштеп чыгуу жагында да иштер улантылат.

***Коммуникациялык саясат***

Улуттук банк жүргүзүлүп жаткан акча-кредит саясатына карата коомчулуктун ишенимин жогорулатуу максатында, маалыматтын ачык-айкындуулугу боюнча саясатын улантууну көздөйт. Андан тышкары, Улуттук банк өз ишинин транспаренттүүлүгү жагында саясатын улантат жана коммуникациялык саясаттын инструменттери аркылуу коомчулуктун жана экономика субъектилеринин инфляциялык күтүүлөрү жана Улуттук банктын орто мөөнөттүү мезгилге каралган акча-кредит саясатына тиешелүү чечимдери боюнча күтүүлөрү калыптанышына өбөлгө түзөт.